**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ**

**КЫРГЫЗСТАН ИСЛАМ УНИВЕРСИТЕТИ**

| КАРАЛДЫ | БЕКИТЕМИН |
| --- | --- |
| Окумуштуулар кеңешинин № протоколу<br>"22" ___12___ 2023-ж. | Кыргызстан ислам университетинин ректору, проф.<br>__________Нарматов А.И.<br>"22" ___12___ 2023-ж. |

# КЫРГЫЗСТАН ИСЛАМ УНИВЕРСИТЕТИНИН КАМКОРДУК КЕҢЕШИ ЖӨНҮНДӨ ЖОБОСУ

Бишкек-2023

## 1-БӨЛҮМ. ЖАЛПЫ ЖОБОЛОР

**1.1.**Бул Жобо Кыргызстан Ислам университетинин (мындан ары – Университет) Камкордук кеңешинин ишмердүүлүгүн уюштуруунун тартибин, максаттарын, милдеттерин, укуктарын жана жоопкерчилигин аныктайт.

**1.2.**Камкордук кеңеши – Университеттин өнүгүүсүнө көмөк көрсөтүүчү, коомчулук, мамлекеттик органдар, иш берүүчүлөр, бүтүрүүчүлөр жана башка кызыкдар тараптар менен өз ара кызматташууну камсыз кылуучу коомдук-кеңеш берүүчү орган болуп саналат.

**1.3.**Камкордук кеңеши өз ишмердүүлүгүн төмөнкү документтердин негизинде жүргүзөт:

- Кыргыз Республикасынын Конституциясы;
- Кыргыз Республикасынын "Билим берүү жөнүндө" Мыйзамы;
- Кыргыз Республикасынын башка ченемдик-укуктук актылары;
- Университеттин Уставы;
- ушул Жобо;
- Университеттин ички нормативдик документтери.

**1.4.**Камкордук кеңеши өз ишинде мыйзамдуулук, ачыктык, ак ниеттүүлүк, ыктыярдуулук, өнөктөштүк жана коомдук жоопкерчилик принциптерин жетекчиликке алат.

**1.5.**Камкордук кеңеши Университеттин башкаруу органдарынын ишине түздөн-түз кийлигишпейт, бирок сунуш берүү жана көмөк көрсөтүү укугуна ээ.

## 2-БӨЛҮМ. КАМКОРДУК КЕҢЕШИНИН МАКСАТТАРЫ ЖАНА МИЛДЕТТЕРИ

**2.1. Камкордук кеңешинин негизги максаттары:**

- Университеттин туруктуу өнүгүүсүнө көмөк көрсөтүү;
- билим берүүнүн сапатын жогорулатууга колдоо берүү;
- коомчулук менен байланыштарды чыңдоо;
- материалдык-техникалык базаны өнүктүрүүгө көмөктөшүү;
- илимий, маданий жана тарбиялык иштерди колдоо;

- студенттерге жана окутуучуларга социалдык жардам көрсөтүүгө көмөк берүү.

**2.2. Камкордук кеңешинин негизги милдеттери:**

- Университеттин стратегиялык өнүгүүсүнө сунуштарды берүү;
- билим берүү программаларын өркүндөтүүгө көмөк көрсөтүү;
- иш берүүчүлөр менен кызматташууну өнүктүрүү;
- гранттарды, инвестицияларды жана демөөрчүлүк жардамдарды тартууга көмөк көрсөтүү;
- таланттуу студенттерди колдоо;
- эл аралык кызматташтыкты өнүктүрүүгө көмөктөшүү;
- университеттин коомдогу аброюн жогорулатууга катышуу;
- билим берүү чөйрөсүндөгү заманбап тенденциялар боюнча сунуштарды берүү.

## 3-БӨЛҮМ. КАМКОРДУК КЕҢЕШИНИН КУРАМЫ

**3.1.**Камкордук кеңешинин курамы Университеттин ректорунун буйругу менен бекитилет.

**3.2.**Камкордук кеңешинин курамына төмөнкү өкүлдөр кириши мүмкүн:

- мамлекеттик органдардын өкүлдөрү;
- коомдук ишмерлер;
- иш берүүчүлөр;
- демөөрчүлөр;
- бүтүрүүчүлөр;
- диний жана маданий чөйрөнүн өкүлдөрү;
- билим берүү жана илим тармагынын адистери;
- ата-энелер коомчулугунун өкүлдөрү.

**3.3.**Камкордук кеңешинин төрагасы жана катчысы кеңештин биринчи жыйынында шайланат.

**3.4.**Кеңештин курамы зарыл болгон учурда жаңыртылышы мүмкүн.

## 4-БӨЛҮМ. КАМКОРДУК КЕҢЕШИНИН УКУКТАРЫ

Камкордук кеңеши төмөнкү укуктарга ээ:

- Университеттин ишмердүүлүгү боюнча маалыматтарды алуу;
- өнүктүрүү боюнча сунуштарды киргизүү;
- социалдык жана билим берүү долбоорлорун демилгелөө;
- кайрымдуулук жана демөөрчүлүк иш-чараларды уюштуруу;
- билим берүү сапатын жакшыртуу боюнча сунуштарды берүү;
- университет тарабынан уюштурулган иш-чараларга катышуу;
- мамлекеттик жана коомдук уюмдар менен байланыш түзүүгө көмөктөшүү.

## 5-БӨЛҮМ. КАМКОРДУК КЕҢЕШИНИН ИШИН УЮШТУРУУ

**5.1.**Камкордук кеңешинин жыйындары жылына кеминде эки жолу өткөрүлөт.

**5.2.**Зарыл болгон учурда кезексиз жыйындар өткөрүлүшү мүмкүн.

**5.3.**Жыйындар Камкордук кеңешинин төрагасы тарабынан жүргүзүлөт.

**5.4.**Кеңештин чечимдери катышкан мүчөлөрдүн жөнөкөй көпчүлүк добушу менен кабыл алынат.

**5.5.**Жыйындын жыйынтыгы боюнча протокол түзүлөт.

**5.6.**Кеңеш өз ишмердүүлүгүн жылдык планга ылайык жүргүзөт.

## 6-БӨЛҮМ. КАМКОРДУК КЕҢЕШИНИН ЖООПКЕРЧИЛИГИ

**6.1.**Камкордук кеңешинин мүчөлөрү өздөрүнүн ишмердүүлүгүн Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жүргүзүүгө милдеттүү.

**6.2.**Кеңеш мүчөлөрү университеттин кадыр-баркына доо кетирүүчү аракеттерге жол бербөөгө тийиш.

**6.3.**Кеңеш мүчөлөрү кызматтык же ички маалыматтарды жеке кызыкчылык үчүн пайдаланбоого милдеттүү.

## 7-БӨЛҮМ. ЖОБОГО ӨЗГӨРТҮҮ ЖАНА ТОЛУКТОО КИРГИЗҮҮ

**7.1.**Ушул Жобого өзгөртүүлөр жана толуктоолор Университеттин Окумуштуулар кеңешинин чечими менен киргизилет.

**7.2.**Жобо ректор тарабынан бекитилген күндөн тартып күчүнө кирет.

МИНИСТЕРСТВО ОБРАЗОВАНИЯ И НАУКИ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

ИСЛАМСКИЙ УНИВЕРСИТЕТ КЫРГЫЗСТАНА

| РАССМОТРЕНО | УТВЕРЖДАЮ |
| --- | --- |
| Протокол №<br>Учёного совета<br>«28 __12__ 2023 г. | Ректор Исламского университета Кыргызстана, проф.<br>__________ Нарматов А.И.<br>«23 __12__ 2023 г. |

# ПОЛОЖЕНИЕ
# О ПОПЕЧИТЕЛЬСКОМ СОВЕТЕ
# ИСЛАМСКОГО УНИВЕРСИТЕТА КЫРГЫЗСТАНА

Бишкек – 2023

## 1-РАЗДЕЛ. ОБЩИЕ ПОЛОЖЕНИЯ

**1.1.**Настоящее Положение определяет порядок организации деятельности Попечительского совета Исламского университета Кыргызстана (далее – Университет), его цели, задачи, права и ответственность.

**1.2.**Попечительский совет является общественно-консультативным органом, содействующим развитию Университета, обеспечивающим взаимодействие с общественностью, государственными органами, работодателями, выпускниками и другими заинтересованными сторонами.

**1.3.**Попечительский совет осуществляет свою деятельность на основании следующих документов:

- Конституции Кыргызской Республики;
- Закона Кыргызской Республики «Об образовании»;
- иных нормативных правовых актов Кыргызской Республики;
- Устава Университета;
- настоящего Положения;
- внутренних нормативных документов Университета.

**1.4.**В своей деятельности Попечительский совет руководствуется принципами законности, открытости, добросовестности, добровольности, партнерства и общественной ответственности.

**1.5.**Попечительский совет не вмешивается непосредственно в деятельность органов управления Университета, однако имеет право вносить предложения и оказывать содействие.

## 2-РАЗДЕЛ. ЦЕЛИ И ЗАДАЧИ ПОПЕЧИТЕЛЬСКОГО СОВЕТА

**2.1. Основные цели Попечительского совета:**

- содействие устойчивому развитию Университета;
- поддержка повышения качества образования;
- укрепление связей с общественностью;
- содействие развитию материально-технической базы;
- поддержка научной, культурной и воспитательной деятельности;
- содействие оказанию социальной помощи студентам и преподавателям.

**2.2. Основные задачи Попечительского совета:**

- внесение предложений по стратегическому развитию Университета;
- содействие совершенствованию образовательных программ;

- развитие сотрудничества с работодателями;
- содействие привлечению грантов, инвестиций и спонсорской помощи;
- поддержка талантливых студентов;
- содействие развитию международного сотрудничества;
- участие в повышении авторитета Университета в обществе;
- выработка предложений по современным тенденциям в сфере образования.

## 3-РАЗДЕЛ. СОСТАВ ПОПЕЧИТЕЛЬСКОГО СОВЕТА

**3.1.**Состав Попечительского совета утверждается приказом ректора Университета.

**3.2.**В состав Попечительского совета могут входить:

- представители государственных органов;
- общественные деятели;
- работодатели;
- спонсоры;
- выпускники;
- представители религиозной и культурной сфер;
- специалисты в области образования и науки;
- представители родительской общественности.

**3.3.**Председатель и секретарь Попечительского совета избираются на первом заседании совета.

**3.4.**Состав совета при необходимости может обновляться.

## 4-РАЗДЕЛ. ПРАВА ПОПЕЧИТЕЛЬСКОГО СОВЕТА

Попечительский совет имеет право:

- получать информацию о деятельности Университета;
- вносить предложения по развитию;
- инициировать социальные и образовательные проекты;
- организовывать благотворительные и спонсорские мероприятия;
- вносить предложения по повышению качества образования;
- участвовать в мероприятиях, организуемых Университетом;

- содействовать установлению связей с государственными и общественными организациями.

## 5-РАЗДЕЛ. ОРГАНИЗАЦИЯ ДЕЯТЕЛЬНОСТИ ПОПЕЧИТЕЛЬСКОГО СОВЕТА

**5.1.**Заседания Попечительского совета проводятся не реже двух раз в год.

**5.2.**При необходимости могут проводиться внеочередные заседания.

**5.3.**Заседания проводятся председателем Попечительского совета.

**5.4.**Решения совета принимаются простым большинством голосов присутствующих членов.

**5.5.**По итогам заседания оформляется протокол.

**5.6.**Совет осуществляет свою деятельность в соответствии с годовым планом работы.

## 6-РАЗДЕЛ. ОТВЕТСТВЕННОСТЬ ПОПЕЧИТЕЛЬСКОГО СОВЕТА

**6.1.**Члены Попечительского совета обязаны осуществлять свою деятельность в соответствии с законодательством Кыргызской Республики.

**6.2.**Члены совета не должны допускать действий, наносящих ущерб репутации Университета.

**6.3.**Члены совета обязаны не использовать служебную или внутреннюю информацию в личных интересах.

## 7-РАЗДЕЛ. ВНЕСЕНИЕ ИЗМЕНЕНИЙ И ДОПОЛНЕНИЙ В ПОЛОЖЕНИЕ

**7.1.**Изменения и дополнения в настоящее Положение вносятся решением Ученого совета Университета.

**7.2.**Положение вступает в силу со дня утверждения ректором.